УДК: 9 (С)2:94(575.2)

Каниметов А.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ОРУС ЭЛИ МЕНЕН БОЛГОН ЭЛЧИЛИК БАЙЛАНЫШТАРЫ

*Жазылган макала XVIII кылымдын 20-жылдарынан башталган кыргыз элинин орус эли менен болгон элчилик байланыштарын чагылдыруудагы алгачкы элчилик мамилелеринен жол ачылгандыгы жөнүндө баяндалат.*

XIX кылымдын биринчи жарымында Ысыккөл элин батыштан Кокон хандыгы, чыгыштан Манжур–Кытай империясы, түндүгүнөн казак төбөлдөрүнүн кысымдары күчөп турган кезде, кыргыздар орус империясына элчилерди жиберип, Россиянын карамагына өтүү менен элди жана жерди сактап калган.

Мына ушул тарыхый булактардагы маалыматтарга таянсак, кыргыз элинин орус элдеринин өкүлдөрүнүн байланыштары XVIII кылымдан тартып эле байкала баштаган. Маселен, 1722-1724-жылдарда Көл өрөөнүнүн түштүк-чыгышындагы Түп, Жыргалаң, Каркыра жерлерине Россиянын императору Петр I нин жунгар (ойрот же калмак) ханына жиберген элчиси капитан Иван Унковский келип кеткен. Бул элчи кыргыздар жөнүндө аздыр-көптүр маалыматты Россияга алып келгендиги жана буга кийинчерээк маалыматтардын толукталышына соодагерлер, саякатчылар, ошондой эле ар кандай кырдаалда тигил же бул тарапта туткунда калып, кийин элине баргандар себеп болушкан.

XVIII кылымдын орто ченинде кыргыздардын, коңшу казак элиндей, Россия менен саясий жана экономикалык туруктуу карым-катнашы болбогону менен кыргыз элинин турмушуна Россиянын таасири ошол кезде эле тие баштаган. Россия империясы XVIII кылымдын экинчи жарымынан тартып Ортоазия элдери менен соода мамилелерин өнүктүрүүгө киришип, Түштүк Сибирдин Семипалатинск, Петропавловск, Усть-Каменогорск шаарларында бир катар соода борборлорун ачышкан. Мына ушул орустардын товарлары алгачкы мезгилде Кыргызстанга орус кызматкерлеринин иш алып баруучулары жана ортоазиялык соодагерлер тарабынан алынып келе баштаган. Кыргыздардын кээ бир бай-манаптары Петропавловск жана Семипалатинск шаарларына өзүлөрүнүн соода кербендерин жиберип турушкан.

Кыргыз элинде Россиянын таасири, кадыр-баркы байкала баштап, XVIII кылымдын аяк ченинде кыргыздардын демилгеси алдында Кыргызстан менен Россиянын ортосунда расмий дипломатиялык мамилелер түзүлгөн. Ушундай кырдаалда Россиянын борбору Санкт-Петербургка барган биринчи кыргыз эличилиги азыркы Ысыккөл, Чүй өрөөнүн жердеп турган жана Сарыбагыш уруусунун Тынай бийдин уулу Атаке баатырдын башкаруусундагы кыргыздардын катарынан жиберилген. 1785-жылы июлдун башында атайын кербен менен Чүйдөн алыскы сапарга аттанышкан алгачкы кыргыз элчилери болуп Абдрахманов (Карганбай) Алкучаков деген билимдүү молдо жана кара букаралардан чыккан Шергазы аттуу адамдар болгон. Элчилер боордош казактардын султаны Букейдин конуштарын жана ыйык Петр чебин басып өтүп, 23-августта Омбу шаарына келишкен. Алардын колунда Атаке баатырдын атынан жазылган эки каты болгон. Биринчисин Сибирдеги орус жоокер башчысына, экинчиси Россиянын императору Екатерина II нин өзүнө арналган.

Кыргыздардын элчилигинин негизги милдети аларды орус мамлекетинин коргоосуна жана колдоосуна макулдук алуу жана Россиянын Ташкент, Чыгыш Туркестан жана Индия аркылуу байланыштырган соода кербендерин пайдаланып жүргөн жолун өзгөртүп, бул жолду Кыргызстан аркылуу жүрүүгө багыт алдыруу болгон. Атаке баатырдын бул максатын казактардын орто жүзүнөн чыккан Букей султан колдогон, себеби бул кербендер казактын конуш жайыттарын аралап, соодагерлердин мурдагы жолун бир канча күнгө чейин кыскартмак.

Кыргыз элчилерин Россия жергесинде жакшы ниетте жылуу тосуп алышкан. Санкт-Петербургка элчилер 1785-жылдын 29-декабрында келишип, 1786-жылдын аяк ченинде гана Екатерина II нин кабыл алуусунда болушуп, ага үч илбирстин жана беш сүлөөсүндүн терисин жана кулду тартуу кылышкан. Орус императору кыргыз башчысынын мүдөөсүн тыңдап жана анын белектерине жооп катары Атаке баатырга 800 сом (жалаң күмүш теңге менен) ал эми элчилер Алкучаковго 100 сом, анын жолдошуна 25 сом сыйлык ыйгарган. Россиянын борбор шаарында биринчи кыргыз элчилеринин жолу болуп, ал ийгиликтүү өткөн. Орус жерине жиберилген биринчи кыргыз элчилиги императордун өзү кабыл алганына карабай, тарыхый мааниси чоң болсо да, көзгө көрүнөрлүк саясий натыйжага жеткен эмес. Себеби ошол убактагы Россияда түзүлгөн саясий кырдаал кедерги болду, белгилүү ролду Россия империясынын башчысынын алмашуусу ойноду.

Кыргыз-орус дипломатиялык байланыштары XIX кылымдын 20-жылдарында кайрадан жанданып, 1812-жылы Семипалтинск сепилинен Чыгыш Туркестан тарапка соодагерлерден турган кербен түзүлүп, кербендин башында орус-казактарынын отрядынын жүз башчысы Старков турган. Кыргыз жерлериндеги орус өкүлдөрүнүн алгачкылары болуп Старковдун отрядын белгилесек болот. Булар биринчилерден болуп көл кыргыздарынын бийлери Шапак менен Шераалынын айылдарында болушуп, андан кийин Чыгыш Туркестанга өтүшкөн.

1813-жылы кыргыздар Россияга өз элчилери болгон кыргыз бийлери Качыбек Шералин менен Жакыпбек Ниязбековду жөнөтүшкөн. Кыргыз элчилери 1814-жылдын 5-январында Семипалатинск сепилине келишип, соода-сатык жүргүзүүнү жана Россиянын кербендеринин өз аймактары аркылуу Кытайдын Аксуу, Кашкар, Тибет, Жаркент шаарларына өткөрүүгө жардам берүүнү каалагандыктарын оозеки билдиришкен, падышага баш ийип, анын карамагына кирүүгө өз элинин атынан өтүнүшкөн. Батыш Сибирдин генерал-губернатору кыргыз элчилерин кабыл алып, кыргыздарга орус мамлекети жакшы мамиле кылуу менен өз карамагына ала тургандыгы жөнүндө убада берген. Императордун атынан Качыбек Шералинге Кызыл тасмалуу алтын медаль, Жакыпбек Ниязбековго ак таштан шакек тапшырып, аларга капитан чинин жана атайын жазуулары менен алтын кылыч берүү мүмкүнчүлүгү каралары убада кылынган. 1815-жылдын жай айларында кыргыз элчилери белектерин алышып өз жерлерине кайтышкан.

1824-жылы Омбуга Акылбек Олжобаев, Алгазы Шералин, Алымбек Жапалаков жана дагы беш старчындан турган кыргыздын үчүнчү элчилиги келген. Бул элчилер Ысыккөл бугуларынын 12 миң түтүнүнөн белек, арык-тукуму, желдең урууларынын атынан жиберилген. Алар ар бири өз уруусунун атынан Батыш Сибирдин генерал-губернатору П.М.Капцевичтин наамына кат алып келишкен. Ал катта Санкт-Петербургдагы падыша сарайына өздөрүнүн берилгендиктерин билдирүү жана кыргыз элин калкалоого алуу өтүнүчү менен кайрылышкан.

Омбуга келген кыргыз элчилерин П.М. Капцевич ардактап тосуп алып, үч бийге Александр тасмасында бекитилген алтын медалдар менен, ал эми алардын арасынан эң ардактуу урматтаган бий Жапалаковго Андреев тасмасындагы алтын медаль, ошондой эле орусча жана татарча жазуу түшүрүлгөн жана өзүнө атап берилген алтын кылыч менен сыйлаган.

Омбуга барган кыргыз элчилери өз мекенине 1825-жылдын жайында, хорунжий Т.В.Нюхалов жетекчилик кылган казак отрядынын жана Омск горнизонундагы полктун дарыгери Ф.К.Зибберштейндин узатуусунда кайтып келишкен. Мына ушул барган элчилер аркылуу кыргыз бийлерине жиберилген маалымат каттарда П.М.Капцевич аларды жылуу кабыл алгандыгын кабарлап, кыргыз элине достук ниетин, колдой тургандыгын: “Биздин ортобуздагы достук ынтымакты бекемдеш үчүн Россия силерге өзүнүн кубаттуу жардамын жана кол кабышын сунуш кылуу менен бирге биздин соода-сатыгыбыздын жүрүшүнө, көпөстөрүбүздүн кербендерин узатууга жана аларды коргоого дайыма дилгирлигин билдирет деп силерге терең ишенет...” – деп билдирген.

Кыргыздарды Атажуртуна узатып бара жатышкан отряддын начальнигинин

көрсөтмөсүндө аларды Ысыккөлгө “бейкуттукту жана тынчтыкты калыбына келтирүү үчүн ошондой эле ар кандай кол салуулардан коргоо үчүн” бара жатышкандыгы айтылган.

Омск горнизондук полктун дарыгери Зибберштейндин күндөлүгүндө мындай берилген: 1825-жылы 31-июльда Талдысуу, Түп, (Санташ жолу-Кашкар, Яркенд) Аксуу, Турпан шаарларына кетчү жолду Кулжа башкармалыгынын күзөтчүлөрү көзөмөлдөп турушат (кытайлар). Эгин, чөпкө бай жер экен. Элчилерди туугандары менен кезиктирдик. Депутаттарды тегеренишип комуз, ыр менен тозуп Олжобай бийдин айылында конок болуп, кой эти, кымыз менен сыйлады.

Кыргыз жерине келгенден кийин жыйын чакырылып, ага жергиликтүү уруу башчылары менен эл кадырлаган мыктылар келип, бул жактагы начальниктердин атынан ысык салам айтып, каттарды тапшырууга көрсөтмө берилген. Россия кыргыздарды канатына калкаларын, өзүнүн күч кубаты менен коргоого даяр экендигин, кыргыздардын ич ара чыр-чатактарын тыйыш керектигин жана орус соода кербендеринин жүрүшүндө кол салуудан, талап-тоноодон кайтаруу керектигин жарыялоо көрсөтүлгөн.

1825-жылдын 3-4-август күндөрүндө Жыргалаң суусунун боюндагы айылга Ысыккөл кыргыздарынын жалпы жыйыны чакырылып, анан Батыш Сибирлик бийлик ээлеринин каттары окулуп тапшырылган. Ошол эле мезгилде ысыккөлдүк кыргыздардын жеринде уруу башчыларын Коконхандыгына кирүү үчүн келишкен кокондуктардын элчилери жүрүшкөн. Бирок жыйында Омбуга ийгиликтүү барып келген кыргыз бийлери Олжобай менен Жапалак “Кокон хандыгы жөнүндөгү ойду дароо четке кагышып жана Россиянын мамлекетин даңазалоо жагын эл алдына айтуу менен башка уруу башчыларын да өз тарабына тартып кетишти” – деп кол дептеринде бул окуянын күбөсү орус дарыгери Зиберштейн жазып кеткен.

Ысыккөл кыргыздарынын 1824-жылкы Омбуга жиберген элчилиги жана ага жооп катары Батыш Сибирлик орус өкмөтүнүн өкүлдөрүнүн 1825-жылдардагы Ысыккөл аймагына келиши, орус кыргыз байланыштарынын тарыхындагы эң маанилүү учур болгон деп айтууга болот. Мына бул байланыштар Ысыккөл кыргыздарынын бүт бойдон Россиянын курамына кирүүсүнө толук мүмкүнчүлүк бар эле. Бирок ошол мезгилдеги тарыхый кырдаал: 1825-жылдагы декабристтердин көтөрүлүшүнүн чыгышы Россиядагы эларалык абалдын кыйла татаалданып кетиши ошондой эле Россиянын Персия менен, Турция менен болгон согуштары ачыктан ачык күбө боло алат. Кыргыз жергесинде дагы саясий кырдаал өзгөрүп кеткен эле. Маселен, 1826-жылы Чыгыш Туркестанда Цинь династиясына каршы Жангер кожонун көтөрүлүшү чыгып ага борбордук тяньшандык кыргыздар активдүү жардамдарды көрсөтүшкөн. Ушул мезгилдеги Россиядагы жана кыргыз жергесинде түзүлгөн саясий кырдаалдар Кыргызстандын Россиянын курамына кирүүсүнө толук мүмкүнчүлүк алып келбеди.

Кыргыз–орус элчиликтериндеги кийинки байланыштары 1844-жылы бугу уруусунун бийи Боромбай Меңмуратовдон баштап кайра башталат. Буга себеп, бир жагынан кыргыз жана казак феодалдарынын ортосундагы өз ара кагылышуулардын күч алышы, экинчи жагынан кыргыздардын Кокон хандыгынын деспоттук эзүүсүнөн кутулууга жана Россия империясынын курамына кошулууга жасаган аракетинин күчөшү болгон.

Боромбай бий жөнөткөн элчиликтердин акыры саясий зор маанидеги акт менен бүткөрүлгөн. Кыргыз элинин Россия менен биригишүү идеясы биринчи жолу официалдуу жарыяланган жана юридикалык жактан жазуу жүзүндөгү акт формасында бекемделген. Бул кыргыз элинин Россиянын букаралыгын тынчтыкта кабыл алышынын тарыхый актыларынын бири болгон.

Кыргыздардын Россия букаралыгын кабыл алышынын күнү 1855-жылдын 17-январын, башкача айтканда, “бугу уруусунун манаптарынын, бийлеринин, уруу башчыларынын жана аксакалдарынын ишенимдүү адамы” капитан Качыбек Шералиндин ант беришинин күнүн эсептөө керек. Бул жагынан кыргыз-орус кызматташтыгынын алгачкы кадамдары жөнүндө айтууда Россия менен биригүү идеясынын алгачкы жарчылары-бугулук манаптар: Боромбай Меңмуратов менен Качыбек Шералиндин ролун таанybай коюуга болбойт.

**Адабияттар**

1. Бактыгулов Д.С. Историография дореволюционного Кыргызстана. – Ф., 1988.
2. Плоских В.М. Первые киргизско – русскские посольские связи. - Ф.: Илим, 1970.
3. Джамгырчинов Б. Присоединение Киргизии к России. - М., 1959.
4. Өмүрбектегин Т., Чоротегин Т. Түндүк Кыргызстандын Россияга каратылышы. – Б., 1992.
5. Сапаралиев Д. Взаимоотношения кыргызского народа с русскими и соседними народами в XVIII веке. – Б., 1995.
6. Өмүрбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX кылымдын ортосу - XX кылымдын башы). – Бишкек, 2003.